**ЛЕЙН КИРКЛАНД атындагы СТИПЕНДИЯЛЫК ПРОГРАММА**

Программанын демөөрчүсү

**Польша-Америкалык Эркиндик Фонду**

жана

Программанын администратору

**"Өзгөрүү лидерлер" фонду**

Стипендияга талапкер болгон Армения, Азербажан, Белорусия, Грузия, Казакстан, Кыргызстан, Молдавия, Россия, жана Украина, жарандары үчүн

-жылдарда болуучу Польшадагы Лейн Киркланд атындагы стипендиялык конкурс жарыяланат

Программа баардык жаш лидерлерге, жогорку билимдүүлөргө жана өз өлкөсүндө жана аймагында демократиялык, экономикалык жана граждандык коомду өнүктүрүүгө кызыккан атуулдар үчүн.

Программанын ишке ашуусу Польшанын 5 окуу борборлорунда (Варшава, Краков, Вроцлав, Познань, Люблин) 2-семестрдик окуу , ошондой эле, эң аз дегенде 2 жумалык мамлекеттик же жеке уюмдарда кесиптик стажировкадан өтүүсү керек.

Кандидаттарды тандоонун жана чакырууну даярдоонун эң негизги талабы болуп стипендиялык программанын алкагында даярдалган долбоорду өз өлкөсүндө ишке ашыруу же алынган билимди улантып кетүү.

КОНКУРСКА КАТЫШУУЧУ ТАРМАКТАР:

- Экономика жана менеджмент

Администрация / башкаруу, (бизнес, өкмөттүк эмес уюмдар (ӨЭУ), маданият, айлана чөйрөнү коргоо,саламаттыкты сактоо, билим берүү

- Элдик администрация (Мамлекеттик жана муниципалдык)
- Укук
- Коомдук илимдер ( социалдык психология, социология)
- Саясий илимдер жана эл аралык мамиле

Өнүгүү саясаты жана гуманитардык жардам

Программаны бүтүрүүнүн талабы - дипломдук ишти иштеп чыгуу жана аны коргоо. Дипломдук иш стипендиянын талабына тура келип илимий же практикалык мүнөздө болуусу мүмкүн.

ЛЕЙН КИРКЛАНД АТЫНДАГЫ СТИПЕНДИЯЛЫК КОНКУРСУНУН КАРАЖАТ ШАРТЫ:

- Стипендия айына 1800 злот тегерегин түзөт (9 ай бою)

Мындан тышкары (айына 4200 злотко чейин):

- Польшада жашоо (9 ай),
- Менчик саламаттык сактоо кызматтарында Медициналык камсыздандыруу менен камсыз кылуу,
- Полшага барып келетурган жол акысы (лимит чегинде),

- Жергиликтүү транспортту колдонуу,
- Виза алуу,
- Илимий материалдарына жумшалган каражаттар (2700 злот квота чегинде)
- Ориентациялык программаларга катышуу жана интеграциялык жолугууларга катышуу,
- Поляк тил курсуна катышуу (октябр - июн)

СТИПЕНДИЯНЫН ПРОГРАММАСЫ:

Программанын инаугурациясы (2018-жылдын сентябр айынын экинчи бөлүгү) Сабактарга камдануу курсу (8-10 күн, 2018-жылдын сентябр айынын экинчи бөлүгү)

- Варшава, Краков, Познан, Вроцлав, Люблин академиялык шаарларындагы ЖОЖда сабак өтүү (эки семестр)
- Семестрдик (ар бир семестрдин сонунда) жана дипломдук иштерге даярдануу,
- Баардык стипендианттардын 3-4 съезди
- Кесиптик стажировка (2-4 жума)
- Өнүктүрүү жана Поляк тил курсу (эки семестр)
- Программанын салтанаттуу бүтүшү- дипломдорду тапшыруу (июндун аягы, 2018-ж.)

ТАЛАПКЕР:

Киркленд Программасы кийинки тармактагы адамдарга жарыяланат:
- Мамлекеттик кызматкерлер жана жергиликтүү өз алдынча башкармалар
- Юристтер
- Ишкерлер
- Иш-чара жетекчилер, бейөкмөт уюмдар, маданият, билим берүү, айлана-чөйрөнүү коргоо, саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ишкерлер
- Өкмөттүк эмес уюмдардын лидерлери, маданий жана жарандык аниматорлор
- Окутуучулар
- Журналисттер

КОНКУРСКА КАТЫШУУ ҮЧҮН ФОРМАЛДУУ КРИТЕРИЙЛЕР:

- Жогоруда көрсөтүлгөн мамлекеттердин биринин жараны болуусу керек жана ошол мамлекетте жашоосу керек. (Полшанын дайыма жашоочулары конкурска катыша алышпайт).
- Толук жогорку билимдүү ( магистр наамы менен).
- Жашы 35 чейин болуусу керек ( кээ бир мезгилде 40 жашка чейин).
- Кесиптик тажрыйба –(эки жылдан кем эмес)
- 6 айлык чет өлкөлүк стипендиядан катышуусунан 2 жылдык мөөнөт өтүшү керек
- Программа чегиндеги окуу полша же англис тилинде өтөт (англис тилинде окуу Беларус жана Украина жарандарына мүмкүн эмес), программаны Полша окуу жайларында жана стажировканы толук полша тилинде гана колдонууга мүмкүн Беларусия жана Украина талапкерлер жана башка, полша тилинде окуйтурган талапкерлер, программанын башында, полша тилиндеги академиялык сабактарга катышу жана дипломдук иш жазууга кубаттуулугун көрсөтүш керек (B2). Тандап алуудагы маектешүү процесси полша тилинде жүргүзүлөт. Ошол себептен полша тилин B1 деңгээлинде билүү талап кылынат.

Талапкерлер мазмун боюнча өтүп, бирок полша тилинин денгели жетишсиз болсо, мындан ары тил денгелин жогортууга (Программанын администратору материалдар менен камсыз кылат) жана 2018-жылдык июл-август айында өткөрүлө турган тил сынагына мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Армения Азербайжан, Грузия, Тажикстан, Казакстан, Кыргызстан, Росия, талапкерлер англис тилинде билим алууну пландаштырса, анда жогоруда көрсөтүлгөн беш окуу борборлорунда ошол тилде белгилүү бир изилдөө программасын көрсөтүүгө милдеттүү. Талапкерлер англис тилин окуу учурунда колдонулат. Англис тилинин деңгээли, аз дегенде B2 жана полша тили - A1 деңгээлде болушу талап. Талапкерлер мазмун боюнча өтүп, бирок полша тилинин денгели жетишсиз болсо, мындан ары тил денгелин жогортууга (Программанын администратору материалдар менен камсыз кылат) жана 2018-жылдык июл-август айында өткөрүлө турган тил сынагына мүмкүнчүлүгүнө ээ.

АРТЫК КӨРҮ:

Кесиптик жана коомдук тармактардын активдүү талапкерлери.
Маанилүү жетишкендиктерге жетишкен талапкерлер.
- Мурда Полшада окубаган талапкерлер.
- Полша тилинде өтө турган талапкерге берилет

КАБЫЛ АЛУУ:
45 ге жакын эң мыкты талапкерлер алынат. Конкурс үч этапта өтөт:
1-этап Формалдуу маалыматтарды баалоо.
2-этап Талапкерлердин анкетасын баалоо.
3-этап Квалификациялык сүйлөшүү жүргүзүү.
Конкурс болжол менен (30.03.-30.04.2018-ж болжолдуу пландашылган ) өтөт.

3-этапка өткөн таалапкерлердин тизмеси март айынын аягында электрондук почтага жөнөтүлөт. Конкурстун акыркы жыйынтыгы 2018-жылы июн айында электрондук почтага жөнөтүлөт.
Поляк тили боюнча билимин жогорулатуу үчүн программага катышуу үчүн тандалып алына турган талапкерлер 2018-жылдын июлдун аягында жана августтун башында уюштурулган тил боюнча Полша дипломатиялык өкүлчүлүктөрдө экзамен алат.

ТАЛАП КЫЛЫНГАН ДОКУМЕНТТЕР:

1. Билдирме-формулярды он-лайнда толтуруу.
   - Жеке маалыматтардын анкетасы.
   Киркланд программасына катышууга үчүн жазылган проект жана Полшада болуунун сунуштары жана пландары менен (4000- 6000 белгиси пробел менен жазылыш керек).

Талапкердин жетишкендиктерин жана кесиптүүлүгүн ырастаган эки сунуш каты. Ошондой эле, келечектеги кесиптик тармакта же коомдук кызматтарда өнүгүү үчүн иш аракеттер жөнүндө планын жазуу, (полша, орус же англис тилинде) электрондук почта аркылуу жиберүү.
3. Окууну бүткөндүгү тууралуу дипломдун көчүрмөсүн, (мүмкүн илимдин кандидаты жөнүндө дипломдун көчүрмөсүн) электрондук почта аркылуу жөнөтүү.

БИЛДИРМЕ ТОЛТУРУУ ИРЕТИ:
Программанын толук баяндамасын, билдирме-формулярын толтуруу иретин, www.kirkland.edu.pl сайтында же Программанын электрондук почтасынан тапса болот.

Билдирме формуляры онлайн режиминде толтурулат.
Билдирме онлайн толтурулгандан соң, система менен берилген аныктоо барагын басып чыгарып, талапкердин колу коюлуп, сүрөт чапталгандан кийин жөнөкөй почта менен Киркланд Программасынын дарегине жиберилет.

**Эки сунуш катты, окутууну бүткөн тууралуу дипломy сканерден өткөзүп ,** электрондук почтасына жөнөтүлөт.

АРЫЗДЫ ТАПШЫРУУ МӨӨНӨТҮ:

Киркланд 2018/19 стипендиясына билдирме тапшыруучу мөөнөтү:

**жылдын 1 март айында бүтөт**

**Жогору көрсөтүлгөн мөөнөттөн кийин келген билдирмелер каралбайт**

ПРОГРАММАНЫН ПАТРОНУ **Лейн Киркланд** (1922-1999)- көп жылдардан бери американын кесиптик биримдигинин алдында турган инсан, Польша-Америка ишкерлер фондусунун мүчөсү (AFL-□I□); Польша-Америка эркиндик фондусунун ачылышынын демилдөөчүлөрөнүн бири. 80чи жылдары өзүнүн кадыры менен польшадагы “Солидарность” биримдигине дем берген. Лейн Киркланд Борбордук жана Чыгыш Европаларынын эли эркиндикке жана демократияга умтулганын түшүнүп колдочу. Ал эң жогорку сыйлыктардын ээси, алардын ичинде американын “Эркиндик Медалы”, “Ак Бүркүт Ордени”.

БАЙЛАНЫШ:
"Өзгөрүү лидерлер" фонду
Киркланд Программасы
Пр. Иерусолимские д. 133, 56, 02-304 Варшава, Полша
E
H

Polsko-Amerykańska Fundacja Wolności
Polish-American Freedom Foundation

ПРОГРАММАНЫН ДЕМӨӨРЧҮСҮ ПОЛЬША-АМЕРИКА ЭРКИНДИК ФОНДУ (ПАЭФ)

Фонд өзүнүн ишин 2000 жылы баштаган. Фонддун негизги максаты демократияны чыңдоо, жарандык коомду бекемдөө, жеке жана коомдук өнүгүүсүнө бирдей камсыздоо түзү, рынок экономикасын өнүктүрүү, ошондой эле Полша

R L I N K " h t t p :

трансформация чөйрөсүндө алынган тажрыйбаны Борбордук жана Чыгыш Европа өлкөлөрүнө таратуу.

Фонд өзүнүн иштерин Польша – Америка ишкерлер фондусунан түшкөн финансылык булактарынан камсызданат. Азыркы учурга чейин ПАЭФ Фондго 250млн.доллар өткөргөн. 2000 жылдан баштап Фонд өзүнүн программаларына 100 млн.доллардан ашык каражат жумшады.

Фонд менен иштелип чыккан принципиалдуу процедуралар боюнча, Фонддун Программасын польшанын өкмөттүк эмес уюмдары алып барышат.

Л.Киркланд атындагы стипендиялык Программасы ПАЭФтин узак мөөнөткө чарасы созулган, 2000 жылы тиричилик алып, 2001 жылы Варшавада Фулбрайт Комиссиясы менен уюшулган. Фонд жөнүндө кошумча маалыматтарды интернетте: **http://www.pafw.pl** дарегинде

**FUNDACJA LIDERZY PRZEMIAN (FLP)** – Программанын Администратору

Программанын администратору

Өзгөрүү Лидерлер Фонду 2016-жылы февраль айында поляк-америкалык Полша Америкалык Эркиндик Фонду менен түзүлгөн. Фондтун негизги максаты ПАЭФ менен каражатталынган көп жылдык программаларды колдоо: Лейн Киркленд атындагы жана Stud□ □□urs t□ □□1□nd стипендиялык программалар. Фонд ошондой эле ПАЭФ атынан (Наталиндеги Европалык Борбор жана Германиялык Маршал Фонду менен бирге)

Лейн Киркленд атындагы жана Stud□ □□urs t□ □□1□nd стипендиялык программалар көп жылдык тажрыйбалуу командасы менен Фондко бириккен. Окшош профилдүү программаларды уюштуруу жана жаны тажрыбайлуу команда менен иштөө биздин иш чарабызды кенейтүү жана жакшыртуу үчүн шарт түзөт. Биз Чыгыш Европа, Кавказ, Борбор Азиядагы Полшанын тажрыйбасын пайда кылууну каалаган активдүү адамдарга багытталган кенен сунушун курабыз.

Биз академиялык институттар, коомдук жана өкмөттүк эмес уюмдар менен кызматташып, көбүрөөк жана кенен спектрлуу Полшада окуу жана таанышуу программаларды иштеп чыгуудабыз.

Биз өзгөрүүлөргө ишенген адамдардын коомчулугун түзөбүз.

Фонд жөнүндө кошумча маалыматтарды Интернет аркылуу алса болот: